DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



## ТАРЫХ ИЛИМДЕРИ
## ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ
## HISTORICAL SCIENCES

*Абдиева Ж.К.*

# ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВДУН РУХАНИЙ БААЛУУЛУКТАРГА ТААСИРЛЕНҮҮСҮ

*Абдиева Ж.К.*

# ВЛИЯНИЕ ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВА НА ДУХОВНЫЕ ЦЕННОСТИ

*J.K. Abdieva*

# INFLUENCE OF CHINGIZ AITMATOV ON SPIRITUAL VALUES

*УДК: 947.1:93/99(575.2)(043.3)*

*Бул макалада улуу жазуучубуз Чынгыз Айтматовдун өмүр жолундагы, жазуучулук өнөрүндөгү, накыл-кептериндеги, кийинки муундарга өрнөк болуучу руханий баалуулуктардын улуу көчүнө айлана турган иш-аракеттерине таасирленүү, таалим-тарбия уңгуларын жайылтуу, адамдын адам болуу проблемалары иликтөөгө алынат. Чынгыз Айтматовдун чыгармаларында Манастын образы элдин, журттун кайраттуулук, эрктүүлүк сезимин ылдый түшүрбөй патриоттуулукка үндөп келгендиги чагылдырылат. Улуу жазуучунун чыгармаларындагы ата-бабалардан калган нускалуу адеп-ахлактуу баалуулуктар, жүрүм-турумдун моралдык-этикалык эрежелери маалымдалат. Эмне үчүн жазуучунун чыгармалары калын журттун жүрөгүнөн орун алат болду экен деген суроо туулат? Жооп берүүгө аракет кылып карасак, жазуучунун чыгармаларынан өзүңдү өзүн көрө билесин, өзүндү-өзүң таанысың, ойгоносуң. Анткени жазуучунун чыгармаларында кыянатка кабылбоо жана кыянаттык кылбоо үчүн муундан муунга ата-бабанын мурастары, сабагы, нускалуу кептери бар. Чынгыз Айтматов жашоонун бардык тарабын даңазалап, сага таанып ал, билип ал деп жол көрсөткөн улуу көрөгөч, кеменгер адам.*

***Негизги сөздөр:*** *манкурт, мурас, өзүңдү тааный билүү, руханий баалулук, жазуучу, чыгарма, таасир.*

*В данной статье исследуется работы великого писателя Чынгыза Айтматова, которые как духовно-ценностное наследие воздействуют на будущее подрастающего поколения. В произведениях Чынгыз Айтматова отражается образ Манаса, патриотизм и преданность кыргызского народа. Раскрываются в произведениях великого писателя нравственные, морально-этические правила переданные нам от кнаших предков. Создается вопрос: Почему произведения писателя заняли место в сердцах народа? Произведения писателя учат читателя познать себя, опомниться, не творить зло – это наследие предков и передаются из поколения к поколению. Чынгыз Айтматов всесторонне раскрыл жизнь и указал нам путь в этой жизни, говоря, что перед каждым человеком стоит неизбывная задача - быть человеком, сегодня, завтра, всегда.*

***Ключевые слова:*** *манкурт, наследие, познание себя, духовная ценность, писатель, произведение, влияние.*

*This article explores the works of the great writer Chyngyz Aitmatov, which affect the future of the younger generation as a spiritual and value heritage Ch.Aitmatov 's works reflect the image of Manas, patriotism and loyalty of the Kyrgyz people. The moral and ethical rules transferred to us from our ancestors and it reveals in works of great writer. The question is created: Why did the writer's works take a place in the hearts of the people? The works of the writer teach the reader to know themselves, to remember, not to create evil - this is the heritage of ancestors and is transmitted from generation to generation. Chyngyz Aitmatov comprehensively revealed life and pointed out to us the path in this life, saying that every person has an inescapable task - to be a person, today, tomorrow, always.*

***Key words:*** *mankurt, heritage, self-knowledge, spiritual value, writer, work, influence.*

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2019-жылдын 31-январындагы «Манас» жана Чыңгыз Айтматов улуттук академиясы» Жарлыгын ишке ашыруу максатында «Манас» жана Чынгыз Айтматов улуттук академиясы» мамлекеттик мекемеси түзүлдү

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



[6]. Бул жарлык кыргыз эли үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берди деп айтсак жаңылышпайбыз. Кыргыз эл мугалими Бектур Исаков баса көрсөткөндөй: "Манас көчү жайыттан жайытка көчүүнүн ташынуулардын, журт которуулардан таптаза башкача көч. Ал муундан муунга, атадан балага, энеден кызга өткөн акылмандыктын, жан дүйнө байлыгынын көчү" [3]. Ооба Чынгыз Айтматовдун көчтү улаган жалпы адамзатка чакырык берген руханий баалуулуктары улуу жолду толуктап, даңазалаган анын ааламды багынткан чыгармалары.

Кыргыз элинин эки канатындай болгон бул эки ысым элдин паспортундай туюлат. Бул нерсени айтып жатканыбыздын себеби, залкар "Манасты" жараткан, аалам жазуучусу Чынгыз туулган жашаган элденбиз. Бизди аалам ушул эки ысымдын айкалышы менен да таанып билет деп айтсак жаңылышпастырбыз, сөзүбүздү тастыктоо иретинде Чынгыз Айтматовдун бүгүнкү жана келечекке мурастап, керээздеп кеткен улуу осуяттарына көңүлүбүздү бурсак. Кеп башында эле "Адамга эң кыйыны күн сайын адам болуу", демек адам жарык жашоосундагы өз ордун, ролун билүү менен ал өзүнө мен киммин? Мен эмне кылам? Кылган ишим кимге керек? Жакшы адам болуу үчүн кантип жашоо сүрүшүм керек деген сыяктуу ой-толгоолордун катарын узата билип жашоого таасир берип тургандай [4]. Адам баласы алдыны көздөй бир кадам аттаса, артты көздөй эки кадам кылчайып кароо керек. Анткени жашоо унгусу, ата-бабалардын улуу көчү менен уланып келүүдө деген ойду жазуучунун: "өткөндү эстеп, келечекти күтө билген үчүн барбыз" – деп таамай айткан таасын накыл кеби бекемдейт.

Эмне үчүн жазуучунун чыгармалары калын журттун жүрөгүнөн орун алат болду экен деген суроо туулат? Жооп берүүгө аракет кылып көрсөк, жазуучунун чыгармаларынан өзүңдү өзүн көрө билесин, өзүңдү таанышың, ойгоносуң. Анткени жазуучунун чыгармаларында кыянатка кабылбоо жана кыянаттык кылбоо үчүн муундан муунга ата-бабанын мурастары, сабагы, нускалуу кептери бар.

Чынгыз Айтматов жашоонун бардык тарабын даңазалап, сага таанып ал, билип ал деп салып берген улуу көрөгөч, кеменгер адам турбайбы.

Ал бизге улуу "Манас" эпосу, жомоктор, уламыштар, легендалар аркылуу руханий башаттарыбызды муундардын муунга тарыхын өткөрүп берген ачкыч экенин чыгармаларында чагылдырып баян кылып жатбайбы.

Чынгыз Айтматовдун "Ак кеме" повестинде мүйүздүү Бугу-Эне тууралу уламышында эски жомок менен тарбияланган бала чөйрөсүндөгү болуп жаткан окуялар анын эски жомогу менен ыңгайлаша албайт, баланын жан дүйнөсүнө туура келбейт, бул жерде жазуучунун айтайын деген оюу ааламдашуу мезгилинде туруштук бере албай, руханий башаттарыбыздын адептик эрежелеринен чыгып кетсек, анда сен, мен жок болуп кетебиз, ошондой трагедияга кабылбоо үчүн, тазалануунун жана рухий башаттарыбызга кайрылып туруунун жолун табышыбыз керек деп чакырык жасап жаткандай. "Ак кемедеги" баланын образы аркылуу ааламдагы бардык балдардын жан дүйнөсү чагылдырылып жатат.

"Ак кеме" повестинде экология жана адеп-ахлак проблемасын байкоого болот. Момун чал бардык ишти адамгерчиликтин чегинде жасоого аракет кылат, бирок, ал өзүнүн ыйык жомогуна каршы барат, анын адеп-ахлагы менен Бугу-Энеге келтирген акааратьы, жаратылышка болгон мамилеси дал келбей калат. Совет мезгилинде Момун чалдын өзүнүн эски жомогуна кол көтөрүшүнө Чынгыз Айтматов мындай деп жооп берген экен: "Ал ата-бабалардын ыйык мурасына, абийирине жана өзүнүн осуятына бейбак кызы же небересинин тагдыры үчүн гана балта чапкан жок. Мен мында социалдык аспектини көрүп турам. Мен бардык мотивдердин айкалышын, чырмалашын көрсөтүүнү көздөгөм, аны көз каранды эмес, эркин, кайраттуу, бактылуу кылуу үчүн коом дагы көп иштеши, көп нерселерди жасашы, көп маселелерди чечиши керек экендигин айтууну каалагам" [1]. Демек, ата-бабалардан калган эски жомоктордун баалуулуктарынын орун алышы, анын өлбөй жашап кетиши бүгүнкү коомчулуктун негизги милдети экен. Коомчулук ал өзү сыртта турган көрүнүш эмес, сен, мен, ал чогуу жашап жаткан бүтүндөй бир система.

Айтматовдук асыл ойлор анын чыгармаларынын каармандары аркылуу бүткүл дүйнөгө анын динине, расасына, жашоо шартына, идеологиялык системасына карабай бирдей кирип, жуурулушуп кетти дейт Абдылдажан Акматалаиев Чынгыз Айтматовдун чыгармаларынын 1-томундагы кириш сөзүндө [1] .

Момун чал жана бала, Танабай менен Дүйшөн, Толгонай, Орган карыя, Эдигей, Сейде, Сейит, Казангап менен Арсен, Бостон менен Авдий Каллистратов, Филофейлердин адамды адам бойдон калуусун үндөөлөрү көр дүйнөдөн жан дүйнөнүн бийик экендигин айтып чакырык жасайт.

"Кылым карытар бир күн" романындагы Манкурт жөнүндөгү легенданы жазуучу жөн гана баяндап коюу менен чектелбейт, ал бүгүнкү күндүн манкурттары Сабитжан, Таңсыкбаев өндүүлөрдүн образын бизге көрсөтүп жатбайбы. Манкурт болуудан сактап калууну айтып жатат, маңкурт десе, башына төөнүн

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



терисин кийгизсе гана манкурт болуп, башка учурда ал коркунуч жок дегендей бейкапар жүрбөшүбүз керек, чет өлкөлүк ар кандай күчтөрдүн оң-тетири таасирине кабылып, тилин, салтын, маданиятын жоготуп, улуттук түспөлүнөн ажырап, манкуртка айланып кетпей, нарк-насилдүү эл, күчтүү, пайдубалы бекем мамлекет болуп сакталып калуубуз ар бирибизди коштогон түбөлүктүү маселерден бо-луш керек.

Бүгүн ааламдашуу заманында тээ байыртадан элибиз таянып, туу тутуп жашап келген ата-бабанын жолун Найман эненин канчалык зарлап айткан кошогу манкурт уулуна чымын чакбагандай болгон сыяктуу ан-сезимибизди аралап өтө албай калат. Жерди алса болбойбу, мал-мүлктү алса болбойбу, анчалык душман экен башты алса болбойбу адамдын акыл-эсин алат деген не шумдук. Оо жараткан, эгер сен бар болсоң, адамдын арам ниетине ушуну кантип киргиздиң? Мындан башка жер жүзүндөгү кыянатчылык аздык кылабы? Бирок Эненин зарлап кошкон кошогуна, маңкурт уулунун бир тал сезими зырп этпей койду. Мындан өткөн ааламда коркунуч жок – ал эне сүтүн унутуу, ата-тегин унутуу, кара курсагынан башканы ойлобогон туңгуюкка капталган кырчоодо калуу [7].

**Манкурт** – тарыхый эс-тутумун, адеп-ахлактык, руханий баалуулуктарын жана багыттарын, ошондой эле өз эли менен болгон байланышын жоготкон адам. Термин Ч. Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» романында киргизилген) [8].

Улуу жазуучубуз чыгармаларында “Манас” эпосун негизги каражат, мүмкүнчүлүк, көрсөткүч кылып алган. Айтсак, “Манастын” руханий баалуулуктарын азыркы замандын баяндоосу менен жеткирген. ”Кайрылып куштар келгиче” деген аңгемесинде “Манас” эпосу кыргыз элинин эмне үчүн руху болуп калганын, эл өзүнүн тарыхый тагдырын кантип андап билиш керек экендигин Элеман манасчынын образы аркылуу берген.

Аңгемеде Эламан Манасчы ак боз ат минген алп адам көрөт, сакалы аппак көкүрөгүнө түшкөн адам аны сооротуп, нускоо берип олтурган адам эмнени иштесе ошону иште дейт. Ошондо караса Койчуман агасы Манас айтып олтурган болот. Элеман агасынын жанына барып олтуруп, Манас айтып калат. Түш көрүү менен “Манас” айтып калуу бардык эле манасчылардын “Манасты” үйрөнүүдөгү мотиви болгон. Чыңгыз Айтматов бул мотивди өз чыгармасында колдонгон.

Чыңгыз Айтматов: “Манас” реалдуу турмуш жомогу болгондугунан кыргыз баласынын жашоо тиричилигинде, үй-бүлө турмушунда, каада-салтында, сүйүүсүндө, моралдык-этикалык маселелеринде жашап келет. Ооба, дүйнөлүк коомчулук көңүлүн бурган улуттун жүзүн касиетин көрсөткөн, кыргыз элинин рухий өнүгүшүнөн кабар берген, ата-бабадан калган улуу чыгарма - “Манас” эпосу” - деп белгилейт.

Чыңгыз Айтматовдун дагы бир чыгармасы “Манас атанын ак кар, көк музу”. Бул повестинде туулуп өскөн жери Талас, Манас ата жердеген ыйык жер экени менен сыймыктанган.

Чыңгыз Айтматов “Ак кеме” чыгармасында элдик оозеки чыгармачылыкты көп кырдуу жана ачык формада көрсөткөн. Ал элдин байыркы тарыхый тагдырын бүгүнкү күндөгү тагдыр менен келечектеги үмүтү менен байланыштырат. “Манас” эпосун укканда толкундануу сезимин жараткандай, “Ак кеме” повестин окуганда, көркөм тасмасын көргөндө жан дүйнөңдө бушаймаланасың. Ооба, анткени дүйнө менен алакада болуп, аралашып дүйнөнү көрүп туруу үчүн Манас, Чыңгыз сыяктуу түбөлүктүү муундан-муунга аңыз болуп жашай турган бийиктиктер керек.

Ала-Тоо койнуна кылымдан-кылымга жашап келген келген кыргыз баласы бул дүйнө үчүн нени берди, адамзаттын өмүрүнө, маданиятына нени кошту дегенде, бирден бир жообубуз – “Манасты” берди дейбиз. Улуу жазуучубуз улуу манас айтуучубуз Саякбай Каралаевдын манасчылык өнөрүн баалап, бирден-бир акылман, кайраткер, бирден-бир генийалдуу адам деп баалаган [2].

Чыңгыз Айтматов бүгүнкү күндө искусствону сокур сезимталдык менен керектөөгө алып, жаштарга терс таасир тийгизип жаткан жаны кейийт, ал айтат: “көнүл ачуу үчүн гана батыштын атышуу, зөөкүрлүк, киши өлтүрүү сыяктуу опурталдуу фильмдерин көрсөткөнүбүзгө жол болсун! Чоңдор буга сын көз менен мамиле жасайт деңизчи. А балдар, өспүрүмдөр, али турмуштук тажрыйбасы жоктор шап илип алышып, аларды туурагылары келишет. Биз үчүн жаштарды эч ким тарбиялап, калыптандырып бербейт. Ошондуктан мейли ал кежир, кара мүртөз боло берсин, чоңойгондо оңолуп кетет деп, чочулай турган нерсе жоктой кайдыгер болуштун кереги жок. Оңдой албайбыз. Оңдош кыйынга турат. Жалпы орто билим берсек эле ошо менен баары чечилет деген аңкоолук болоор эле. Тескерисинче, билимдүүлүктүн деңгээли канчалык жогорулаган сайын, тарбиялоо да ошончолук кыйындап, татаалдана берет, бул иште кыраакы, кылдат болуу керек” [5]. Демек, келечекти алдын-ала көрө билген көрөгөч, акылман, даанышман, бирден-бир кыргыз элинин таянаар руху болгон Чыңгыз агабыздын жан кейиткен накыл кептери биздин руханий жан дүйнөбүздө жадыбалдай жатталып, келечекке багыт

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



берип, жол көрсөтүп турган бүгүнкү күндүн зарыл керектөөсү деп айта алабыз.

Жыйынтыктап айтып келгенде, улуу жазуучунун ар бир чыгармасындагы сүйлөм тизмектери, жазуучунун жашоо жолу, келечек урпактарга калтырып кеткен нускалуу накыл кептери ар бир сезимтал адамдын руханий жан дүйнөсүн булганыч адаттардан тазалап, адамдын күндө адам болуп жашоосуна дем, күч берип таасирлентет.

**Адабияттар:**


1. Айтматов Ч.Т. Чыгармаларынын жыйнагы: I том. Повесттер, аңгемелер. Түзгөн: Абдылдажан Акматалиев. - 3 басылышы. - Бишкек: «Улуу тоолор», 2014. - 11-бет.
2. Айтматов Ч.Т. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат. - Фрунзе: Кыргызстан, 1988.
3. Исаков Б. ”Манас” эпосундагы кыргыздын улуттук-мамлекеттик идеологиясы жана ага жарыш колдонулган асыл баалуулуктар. - Бишкек, 2019. - 21-бет.
4. Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу. «Манас». 1-китеп. - Фрунзе: Кыргызстан, 1984. - 3-бет.
5. Темиралиев Апилмажун. Адамзаттын мугалими – Айтматов. - Бишкек, 2019. - 230 б.
6. ktrk.kg/hjst/28942/kg.
7. https://clck.ru/NSqM7.
8. https://ky.wikipedia.org/wiki.